“ БЕКИТЕМИН ”
ОшМУнун ректору, профессор
И.Г.Кожобеков
___________________
« ___ » ________ 2025-ж.

**Кыргыз Республикасынын Билим берүүсүнө эмгек сиңирген ишмер, Эл аралык Чыңгыз Айтматов академиясынын академиги, мамлекеттик жана коомдук ишмер, филология илимдеринин доктору, профессор Каныбек Исаков атындагы стипендия жөнүндө ЖОБО**

## 1. Жалпы жобо

Профессор Каныбек Исаков атындагы стипендия бул жобого ылайык өткөрүлгөн сынактын жеңүүчүлөрүнө ыйгарылат.Сынак ОшМУнун күндүзгү окуу бөлүмүнүн студенттери үчүн ар бир окуу жылынын аягында бир жолу уюштурулат.Сынактын негизги максаты чыгармачыл, ар тараптуу таланттуу, окууда, маданий-массалык, коомдук, уюштуруу иштеринде өзүнүн активдүүлүгүн көрсөткөн студенттерге, ошондой эле жаш таланттарга шык, моралдык жана материалдык колдоо, өнүгүүсүнө дем берүү болуп эсептелинет.

## 2. Сынактын милдеттери

- ✓ Студенттердин окууга, коомдук жана уюштуруу иштерине активдүү катышууга кызыктыруу;
- ✓ Студенттердин чыгармачылыкка болгон шык-жөндөмүн арттыруу;
- ✓ Таланттарын эл алдына алып чыгуусуна көмөк көрсөтүү;
- ✓ Университеттин алдыңкы таланттуу студенттерин аныктоо жана коомчулукка алар жөнүндө маалымдоо.
- ✓

## 3. Сынакты өткөрүүнүн тартиби

Сынак эки этап менен өткөрүлөт. Биринчи этап институттарда, факультеттерде, колледждерде өткөрүлөт. Ар бир структура тандалган бир талапкерин университеттик турга сунуштай алат. Институт, факультет, колледждердин сунуштаган талапкерлери арасында конкурстун экинчи этабы университеттик комиссияда жүргүзүлөт. Студенттер төмөнкү критерийлер боюнча бааланат: студенттин билим сапаты, чыгармачылык шык-жөндөмү, коомдук-маданий иштердеги ишмердүүлүгү. Конкурстун жыйынтыктары 3.3. пунктунда көрсөтүлгөн баалоо критерийлерине ылайык упайдык баалоо менен аныкталат.

Сынактын 1-этабынан өткөн студенттер ОшМУнун башкы корпусунун

121-кабинетине төмөнкү документтерди тапшырышы зарыл:

- ✓ Студенттин конкурска катышууну каалагандыгын билдирген арыз;
- ✓ Студенттин семестрлерде топтогон баалары жөнүндө тастыктама (транскрипт);
- ✓ Студенттин чыгармачылык жетишкендиктерин тастыктаган портфолиосу. Портфолиодо тастыктоочу документтердин копиялары, фотолор болушу керек;
- ✓ Студенттин мотивациялык эссеси ( эссе 300 сөздөн ашпоосу керек) Мазмунунда "Мен эмне үчүн бул стипендияга татыктуумун?" деген суроого жооп берилиши зарыл.
- ✓ Директордун же декандын сунуштамасы.
- ✓ Сынактын катышуучулары төмөндөгү көрсөткүчтөр боюнча бааланып, аныкталат:

| **Көрсөткүчтөр** | | **Макси-малдык упайы** |
|---|---|---|
| Студенттин сессиялардагы жетишүүсү | Окуу жетишкендиктери (GPAбаллы) | 4 балл |
| Эл аралык же республикалык чыгармачыл сынактарга катышкандыгы үчүн | Республикалык сынактарда алдыңкы орунга жетишсе | 3 балл |
| | Аймактык сынактарда алдыңкы орунга жетишсе | 2 балл |
| | Университет ичинде өткөн сынактарда алдыңкы орунга жетишсе | 2 балл |
| Чыгармачылык ишмердүүлүгү | Басмадан чыккан китептери болсо | 3 балл |
| | Публицистикалык макалалары, автордук чыгармалары "Нур" гезитинде жарыяланган болуусу керек | 3 балл |
| Коомдук, маданий иштердеги активдүү катышуусу | Министрдин, мэрдин ж.б. диплому, сертификат, грамотасы үчүн | 2 балл |
| | Жеке менчик билим берүү мекемелеринин диплом, грамота, сертификаттары үчүн | 1 балл |

| | | |
|---|---|---|
| Университеттин, институттун, факультеттин коомдук маданий- массалык иш чараларына катышуусу | Ректордун/университеттик диплом, грамотасы, сертификат, ыраазычылык баракчасы үчүн | 2 балл |
| Университеттин, институттун, факультеттин коомдук маданий- массалык иш-чараларына катышуусу | Декандын/факультеттик диплом, грамота, сертификат, ыраазычылык баракчасы үчүн | 1 балл |
| Университеттеги ыктыярчылык ишмердүүлүгүндөгү жетишкендиктери | Сертификат, ыраазычылык каттар | 2 балл |
| Жалпы | | 25 балл |

**4. Финансылык каржылоо жана жеңүүчүлөрдү сыйлоо**

✓ Сынак Профессор Каныбек Исаковдун үй-бүлөсү тарабынан каржыланат.

✓ Бул сынактын жалпы сыйлык фондунун өлчөмү – 100000 (жүз миң ) сом

✓ Жеңүүчүлөр Профессор Каныбек Исаков атындагы бир жолу берилүүчү стипендиясы жана сертификаты менен сыйланат.

**5. Уюштуруу тобу жана анын милдеттери**

✓ Институт, факультет, колледждердеги директор, декандардын тарбия иштери боюнча орун басарлары жана студенттик кеңеши тарабынан сынактын 1-этабы уюштурулат, университеттик комиссияга жолдомо берет.

✓ Жеңүүчүлөрдү сыйлоо аземин уюштурат жана өткөрөт.

**6. Комиссиянын курамы**

✓ 1-этапты уюштуруу жана өткөрүү структуранын жетекчисинин буйругу менен бекитилген комиссия тарабынан жүргүзүлөт. Комиссиянын курамына институттун,факультет/колледждердин тарбия иштери боюнча орун басары, кесиптик бирликтин өкүлү, кураторлордон, аялдар кеңешинен, студенттик кеңешинен, студенттик акыйкатчы аппаратынан өкүлдөр кирет.

✓ 2-этапты уюштуруу жана өткөрүү ректордун буйругу менен бекитилген комиссия тарабынан жүргүзүлөт. Комиссиянын курамына проректорлордон, кесиптик бирликтен, студенттик кеңеш же студенттик

акыйкатчы аппаратынан өкүлдөр кирет.

- ✓ Комиссиянын иши протоколдоштурулат жана чечими талкуугa алынбайт.

**ОшМУнун коомчулук**
**менен иштөө жана жаштар саясаты боюнча проректору: Н.Мапаева**